С(Кырг)
К-58

Турар Кожомбердиев

# Көлчүктөгү ай

«Көлчүктөгү ай»

5-китеп



УДК 821.51-93
ББК 84 Ки 7-5
К58

Кожомбердиев Т.
К58 Келчүктөгү ай: 5 китеп
Б.:2017.- 24 б. - (Келчүктегү ай)

ISBN 978-9967-472-50-1

***Урматтуу бөбектөр!***

Кыргыз элинин классик акыны Турар Кожомбердиевдин «Көлчүктегү ай» аттуу балдарга арналган ыр жыйнагы анын тунгуч чыгармасы болуп саналат. Акындын "Көлчүктөгү ай" китеби 1961-жылы жаңы жарык көргенде кыргыз адабиятына башкача жаңылык жана чоң ачылыш жаратканы менен эсте калган. Бул китеп аркылуу кыргыз эли Турарды тубаса акын, нукура талант деп тааный баштаган. Акындын балдарга арнаган ырлары тарбиялык мааниси өте зор жана пайдалуу экенин мезгил тастыктап келет. Кепчүлүк балдардын суроосу менен 1977-жылы «Келчүктөгү ай» экинчи жолу басылып чыккан. Акындын замандашы, калемдеши Анатай Өмүркановдун айтымында, Турар Кожомбердиев ушул алгачкы китеби аркылуу эле кыргыз адабиятына дүйнөгө балдардын кезү менен караган, баланын психологиясын кылдат ездештүргөн акын келгенин көрсеткен: *«Турар поэзияга үйрөнчүк болуп келген жок. Келгенде эле кыргыз поэзиясынын катуу жабылып калган каалгасын шарт ачып, тиш каккан чеберлер отурчу секиге чыгып отурду. Секи ага, ал секигө жарашты. Көз ачып көргөн «Көлчүктөгү ай» кыргыз балдар поэзиясынын туу чокусунда Чолпон жылдыз болуп, түбөлүккө жаркырап калды. Чындыгын айтканда, Турарга чейинки кыргыз балдар поэзиясы «Торпогум», «Мышыгым» деген ете жөнекөй деңгээлде эле. «Келчүктегү ай» балдардын балалык кулк-мүнез, ой-кыялын таасын чагылдырууда мурда кыргыздын бир да акыны көрбөгөн нерселерди керүп, аны кемелине келтиргендиги менен поэзия сүйүүчүлөрүнүн жан дүйнөсүнө бүлүк салды, таң калтырды, жаңылык алып келди».*

Турар Кожомбердиевдин чыгармаларынын арасынан эң алгачкы «Келчүктегү ай» китебин акындын 75 жылдык мааракесине карата балдарга тартуулоо азыркы мезгилдин талабы деп ойлойм. Анткени китеп дүкендөрүндө кыргыз тилинде жаш балдарга арналып жазылган сапаттуу китептер жокко эсе. Ошол себептен мен, атам - Турар Кожомбердиевдин китептеринин арасынан "Көлчүктөгү ай" китебин биринчи жаңыча чыгарууну туура кердүм. "Келчүктегү ай" китебинин бул жаңы басылышында акындын ар бир ырына ылайыкташтырылып образдуу тартылган жаңы сүреттер пайдаланылды. Ал эми кызыктуу ырларды коштогон керкем сүреттөр китептин келөмүн да ээлерин эске алсак, бул жолу "Көлчүктегү ай" тогуз сериядан турган китепчеге айланды.

Балдар, бул китеп силерге да бардык жагынан кызыктуу жана баалуу керкем деөлет болуп калат деп ишенем. Андыктан алдыда силер менен кызыктуу жолугушууларга чейин саламатта болгула.

Бул китептердин басылып чыгышына кемек көрсөтүп, жардам берген инсандарга да терең ыраазычылык билдирем.

***Китептин түзүүчүсү - Кожомбердиева Нургуль Тураровна***

К4803300200-16

ISBN 978-9967-472-50-1

УДК 821,51-93
ББК 84 Ки 7-5
© Кожомбердиев Т., 2017

С(Кырг)
К-58

Турар Кожомбердиев

# Көлчүктөгү ай

## “КӨЛЧҮКТӨГҮ АЙ”
5-китеп



1209

# КӨЛЧҮКТӨГҮ АЙ

Эшкө чыксам укмуш, апа,
Ары-бери калтырап,
Чоң көлчүктүн ортосунда
Ай жатыптыр жалтырап.
Басып барып акырын
Колум сунуп батыраак.
Жаңы кармап алаарымда,
Сынып калды чачырап.



# КУМУРСКА КӨРГӨН ТОО

Келатыптыр жумушка
Кыл муруттуу кумурска.

Топчуну алып колума
Тосуп койсом жолуна:

Тыягынан карады
Быягынан карады.

Аркы-терки бойлоду
Тоо экен деп ойлоду...



# МЕНИН КҮЧҮГҮМ АКЖОЛТОЙ

Көтпөй ойнойт жаныман.
Көрбей калсам сагынам.
Кумшөкергө көндүргөм
Кичинекей чагынан.

Бүгүн жаңы кар жаады
Кубандырып балдарды,
Аздан кийин боёду
Аппак кылып тамдарды.

Көргөн кезде буларды,
Акжолтоюм кубанды.
Шыйпаңдатып куйругун
Үнүн борс-борс чыгарды.

Кар үстүндө сойлоду.
Буртулдатып ойноду.
Кардан чоң-чоң сугунду,
Кумшекер деп ойлоду...



# БААРЫ БИР

Эжекеси Сайра
Жуугун десе бетин:
- Эртең эле баары бир,
Кир болот, - дейт Бекин.

- Көйнөгүң кий, Бекинтай! –
Десе эжеси Сайра.
- Кечинде эле баары бир,
Чечем да, - дейт кайра.

Айткан  тилди укпай,
Бекин мойнун бурады.
Аздан кийин, - мага
Тамак бер, - деп сурады.

- Ачып калат курсагың
Эртең эле кайра,
Андан керө ичпегин, -
Деди эжеси Сайра.



# ДАЙЫМ ЖАРАЙМ КЕРЕККЕ
(калп)

Айды жипке байлаттым,
Коёндорду сайраттым.
Чайнегиме суу куюп,
Күнге коюп кайнаттым.

Суу апкелдим элекке.
Жан киргиздим терекке.
Мени менен дос болсоң
Дайым жарайм керекке.



# ЖАЗГЫ НӨШӨРДӨ

Жалбырактар шабырап,
Жамгыр куйду дабырап.
Үй-үйлөрдөн бөбөктөр
Чуркап чыкты жабырап.

Боюн жөлеп терекке
Чоң атабыз Төлөкө:
-Төгүл алтын! Төгүл! -
дейт-
Төгүл элге берекө!

Жамгыр суусун колуна
Тосуп алып Кара-Кыз:
- Алтын эмес бул суу, -
дейт,
Мына, ата, караңыз.

- Бул жамгырдын күчүнөн,
Күз болсунчу, Кара-Кыз,
Алтын дандуу буудайды
Тоодой жыйып алабыз.



## ЖАРАЛУУ ТӨӨ

*(тамаша)*

Жамбашынан жатыптыр.
Зор кайгыга батыптыр.
Жашы көлдей агыптыр.
Ал анткени «байкуштун»
Бутун чиркей чагыптыр.



# КӨЛЧҮК

Айнөк еңдүү жылт эткен
Көлчүк абдан кичине.
Бирок тоонун сүретү
Батып кетет ичине.
Тоо чайпалат көлчүктөн,
Таң каламын дайыма,
Анын мындай күчүнө...





1209 88616

## ТҮШҮМДӨ

Түнде бир кызык:
Талаада жүрүптүр
Балыктар сүзүп.
Бардыгын тушадым
Булуттан үзүп.
Айга секирдим
Адырдан түшүп.
Музга жылындым
Аябай үшүп.
Куланып кеттим
Баратып сызып.
Ойгонсом түшүм,
Мынакей кызык.



**Турар Кожомбердиев**

**“КӨЛЧҮКТӨГҮ АЙ”**

**5-китеп**

# КӨЛЧҮКТӨГҮ АЙ

**Бөбөктөр жана кенже балдар үчүн**

**Ырлар**

**Мазмуну:**

КӨЛЧҮКТӨГҮ АЙ..........2-3

КУМУРСКА КӨРГӨН ТОО..........4-5

МЕНИН КҮЧҮГҮМ АКЖОЛТОЙ..........6-7

БААРЫ БИР..........8-9

ДАЙЫМ ЖАРАЙМ КЕРЕКЕ..........10-11

ЖАЗГЫ НӨШӨРДӨ..........12-13

ЖАРАЛУУ ТӨӨ..........14-15

КӨЛЧҮК..........16-17

ТҮШҮМДӨ..........18-19

Басмага даярдаган: Кожомбердиева Нургуль
Сүретчүсү: Исраилова Динара
Компьютердик дизайн: Лазаренко Георгий

Кагаз форматы: 84х55 1\16, 1.5 фпл.
Нускасы 1000 экз.
“ГОЗНАК“ ЖЧКсында басылды.
720054 Бишкек ш., Интергельпо көчөсү, 1.

1209

100с


Беке, Меке, Кеке
жана мүйүздүү теке


Турар Кожомбердиев
Кетик тиш бөбөгүм


Биздин күчүк Кумалак


Жалакай Жантай


Турар Кожомбердиев
Көлчүктөгү ай
«Көлчүктөгү ай»


Турар Кожомбердиев
Тентек улак


Сугалак мышык


Турар Кожомбердиев
Коңуз
чегилген чана


Тамаша